DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Шеров Ш.Б., Таиров Х.Р.*

# БАТКЕН ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ ИСЛАМДАШУУНУН ТАРЫХЫ

*Шеров Ш.Б., Таиров Х.Р.*

# ИСТОРИЯ ИСЛАМИЗАЦИИ В БАТКЕНСКОМ РЕГИОНЕ

*Sh. Sherov, Kh. Tairov*

# HISTORY OF ISLAMIZATION IN THE BATKEN REGION

*УДК: 908.297*

*Макалада Биздин замандын VII кылымына чейин Кыргызстандын аймагында Борбордук Азиянын башка чөлкөмдөрүндөй эле зороастризм менен буддизм, несториандык менен манихейлик, теңирчилик сыяктуу түрдүү диний ишенимдер өкүм сүрүп тургандыгы белгиленди. Ал эми ислам дининин Кыргызстанда таралыш жана анын бекемделиш жараяны 1300 жыл чамалуу убакытты камтыган. Аалы халифтик кылган жылдары (656-661) Самарканддан 12 миң кол менен чыгып, Ферганага кирген. Мухаммад Жарир Баткен чөлкөмүнө алгачкылардан болуп, согуштук миссионердик жортуулдарды жүргүзгөндүгү анализденди. Өлкөбүздүн түштүк батыш аймагында кошуна тажик, өзбек элдери менен жакын жашаган Баткен чөлкөмүнө алгачкы ислам миссионерлери – кожолор, эшендер биринчи болуп келишкендиги маалым болду. Тарыхый жактан ислам динин эрте кабыл алып, отурукташып, Кокон хандыгынын курамында шарияттын негизинде жашаган, Баткен чөлкөмүнүн өз өзгөчөлүгү бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткандыгы чагылдырылды.*

***Негизги сөздөр:** Борбордук Азия, ислам, Баткен, чөлкөм, Фергана, кожо, эшен, миссионер, халифат, мистика.*

*В статье отмечается, что до VII века нашей эры в Кыргызстане, как и в других регионах Центральной Азии, существовали различные религиозные верования, такие как зороастризм, буддизм, несторианство, манихейство и тенгрианство. А распространение ислама в Кыргызстане и его укрепление заняло около 1300 лет. Во время халифа Аалы (656-661) он вышел из Самарканда 12000 человеком и вошел в Фергану. Было проанализировано, что Мухаммад Джарир одним из первых осуществил военно-миссионерские захваты в Баткенской области. Стало известно, что первые исламские миссионеры - ходжи и эшаны - прибыли в Баткенскую область, которая находится недалеко от соседних таджикских и узбекских народов в юго-западной части страны. Исторически Баткенская область, рано принявшая ислам, также заселившаяся и живущая на основе законов шариата в составе Кокандского ханства, сохранила свое самобытность и по сей день.*

***Ключевые слова:** Центральная Азия, ислам, Баткен, регион, Фергана, кожо, эшен, миссионер, халифат, мистика.*

*The article notes that until the 7th century AD, in Kyrgyzstan, as in other regions of Central Asia, there were various religious beliefs, such as Zoroastrianism, Buddhism, Nestorianism, Manichaeism and Tengrianism. And the spread of Islam in Kyrgyzstan and its strengthening took about 1300 years. During the Caliph Aala (656-661), he left Samarkand with 12,000 men and entered Fergana. It was analyzed that Muhammad Jarir was one of the first to carry out military missionary captures in the Batken region. It became known that the first Islamic missionaries - Khoja and Eshans - arrived in the Batken region, which is located not far from the neighboring Tajik and Uzbek peoples in the southwestern part of the country. Historically, the Batken region, which converted to Islam early, also settled and lived on the basis of Sharia law as part of the Kokand Khanate, has retained its identity to this day.*

***Key words:** Central Asia, Islam, Batken, region, Fergana, kozho, eshen, missionary, caliphate, mysticism.*

VII жана VIII кылымдын биринчи жарымында арабтардын эбегейсиз зор мамлекети Араб халифаты түзүлгөн. Анын ээлеген жерлери Атлантика океанынын жээгинен тартып, Индия жана Кытайдын чек арасына чейин созулган. Сириядагы чон шаар Дамаск мамлекеттин борбору болуп калган. Халифаттын бүткүл аймагына акырындап ислам тараган. Сирияда, Түндүк Африкада, Иранда, Афганистанда, Индияда, Индонезияда жана Орто Азия чөлкөмүндө жайылтыла баштаган [1, 71-б.].

Ислам дининин Кыргызстанда таралыш жана анын бекемделиш жараяны 1300 жыл чамалуу убакытты камтып, империялардын куралышы, талкаланышы, этностордун кагылышы жана интеграцияланышы, элдердин тарыхый, маданий, салт-санааларынын, баалуулуктарынын айкалышы сыяктуу Борбордук Азиянын ири тарыхый окуялары менен коштолуп жүрүп отурган. Бул тарыхый жараян Борбор Азия аймагынын бүтүндөй бир коомдук өнүгүүсүнө багыт берип, анын келечек өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген.

Биздин замандын VII кылымына чейин Кыргызстандын аймагында Борбордук Азиянын башка чөлкөмдөрүндөй эле отпарастык (зороастризм) менен бутпарастык (буддизм), несториандык (христиандык диндин чыгыш багыты) менен манихейлик, теңирчилик сыяктуу түрдүү диний ишенимдер өкүм сүрүп турган. Алардын таасири кайсыл чөлкөмдө күчтүү болсо, ошол жерлерде сыйынуучу жайлары курулуп, айланасында жашаган тургундар ошол динге сыйынышчу [2, 24-31-бб.].

Фергана чөлкөмүнө, тагыраак айтканда анын түштүк-батышына арабдардан биринчи болуп, Каъб ул Ахбор деген кол башчы келип, бир нече кагылышуулардан кийин кайра кеткендиги тууралуу маалыматтар калган [2, 24-31-бб.]. Арадан бир нече жыл өткөндөн кийин үчүнчү халиф Осмондун мезгилинде Араб халифаты Ферганага «тынчтык чалгын» максаты менен ошол кездеги болочок халиф Азрети Аалынын жээни Мухаммад ибн-Абдуллох Жарир 20 миң кол менен аттантат. Мухаммад Жарир чү дегенде эле

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ферганага келген эмес. Бир нече жылдардан кийин гана Аалынын халифтик кылган жылдары (656-661) Самарканддан 12 миң кол менен чыгып, Ферганага кирген. Мухаммад Жарир бул жерде Кува чөлкөмүнүн башчысы Хушдод, Аксыкенттин башчысы Хурмуз, Касан шаарынын башчысы Ахшид (Ихшид) жана Унгар (Ун-Кар) чөлкөмүнүн башчысы Керван-Бас менен бир нече кагылышууларды өткөрөт. Мухаммад Жарир жеңишке ээ болуп, Касан шаарына жакын чыңдалган оорук куруп, бир аз убакыт туруп калат. Унгардын башчысы Керван-Бас кызы Бүбү Убайданы Мухаммад Жарирге турмушка чыгарып, алар тынчтык келишимин түзүшөт. Бирок, бир нече ай бою камоонун натыйжасында Касан шаарын багындырган арабдар басып алуу максатынан кайтпай Керван-Бастын ээлигине карай жөнөп, азыркы Сафед-Булан турган жерге өргүү алышат. Ошол күндөрү Бүбү Убайда төркүнүнө келип, атасы Керван-Бас менен Ихшид жума намаз күнү арабдарды кыруу жөнүндө жашыруун бүтүмү бар экендигин угуп калат да, аны күйөөсү Мухаммад Жарирге кабарлайт [3, 167-169]. Бирок, бул кабарга анча маани бербеген Жарир өргүүсүн улантып, жума намазды бузбоону чечет. Мусулман жоокерлери жума намазга жыгылышканда аларды аңдып турган Керван-Бастын жоокерлери капыстан чабуул коюп, натыйжада 2772 араб жоокери өлүмгө учурайт. Алардын ичинен сахабалардын, табейиндердин, баштары алынган. Жалпысынан бул жерде эки тараптан тең миңдеген адамдар курман болушкан. Андан ары Мухаммад Жарирдин калган-каткан кошуусу Аравияга кайтып кетет. Мухаммед Жарир Арабстанга кайтып келген мезгилде халифатта ич-ара араздашуу жүрүп турган. Муавийлердин колунан Али ибн Абу Талиб мечитте намаз окуп жаткан жеринде хариджит фанаты Ибн Мулджам (туура жолдогу халифтерге каршы турган клан муавийлердин даярдаган террорчулары) тарабынан өлтүрүлгөн [4]. Ошол эле хариджиттер Мединага кайтып келген Мухаммад Жарирди да уу берип өлтүрүшкөн деген маалыматтар бар. Арадан аз убакыт өтпөй Мединада Мухаммад Жарирдин аялы, Керван-Бастын кызы Бүбү Убайда Фазл аттуу уул көрөт. Фазл эрезеге жеткенге чейин атасынын тарыхын укпай жүрөт. 40 жашка чыккандан кийин гана апасы болгон окуяларды ага айтып берет. Фазл таятасы Керван-Бастан өлгөн араб жоокерлеринин кунун алыш үчүн чоң аскер топтоп, Ферганага жортуул уюштурат. Уулу менен кошо жөнөгөн Бүбү Убайда Ферганага жетип, азыркы Кокон шаарынын айланасында көз жумган деген божомол бар. Азыркы учурга чейин ал жерди Бувайда айылы деп аташат [2, 24-31-бб.]. Кыргызстандын чөлкөмдөрүнө Исламдын активдүү таралыш жараяны Хорасан акими Муслим ибн-Кутейбанын 709-711-жылдары Мавереннахрга жасаган ири жортуулунан башталат. 3-4 жыл ичинде ал Согдияны, Хорезмди жана Тохаристандын көпчүлүк бөлүгүн караткан. Борбордук Азияны исламдаштырууда Муслим ибн-Кутейбанын ролу араб тарыхнаамасында жогору бааланат. Ал Бухара калкын ислам динине киргизип, эски отпарастык жана бутпарастык ишенимдердин идолдорун талкалаткан. Жогорудагы тарыхый далилдүү маалыматка таянсак дин жайылтуу Кыргызстандын түштүгүнөн башталгандыгы Кутейба ибн Муслиманын араб аскерлерин баштап кириши менен алардын негизги күчү Фергана чөлкөмүндө болгон. Тарыхий изилдөөлөргө караганда Кутейбанын ордосу азыркы Баткен аймагында болуп, ал аймакты арабдар «Исма-бен-Абдуллах-аль-Бахили өрөөнү» деп аташкан [5, 2-б.]. Даван, Чаш аймактарында мезгилинде Зулкайнардын (Александр Македонскийдин) да мизин кайтарган теңир динин тутунушкан каарман согд эли жашап турушкан. Алар үчүн бөтөн болгон ислам динине кирүүгө катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бирок, күч жагынан үстөмдүк кылган Кутейба жеңишке жетишип исламдашууну ийгиликтүү жүргүзө баштайт. Анткени, ал ислам динине киргендерди салыктан бошотуп, дин үгүттөөчүлөрүнө жер-суу бөлүп берип кошумча казынадан акы төлөп турган. 725-жылы Кутейбанын сырдуу өлүмгө дуушар болушу Чашта согдулары өзүнүн бийлигин орното баштайт. Бирок, алардын боштондугу көпкө созулбай кайгылуу окуялар менен түбөлүк өзгөрүүгө дуушар болот [6, 144-б.].

Араб халифатынын башчылыгына келген Хишеме халифаттын Хорасандагы өкүлчүлүгүнө Наср-аль-Сейярды дайындайт. Аль Сыярдын 735-жылы Маверанахрга күчтүү кол менен басып кириши согдулардын Ата Мекени үчүн кармашуусу кызыл кыргын менен аяктаган. Ошентип, Согду элинин кылымдар бою сакталып келген эркин жашоосу, теңир динине сыйынуулары биротоло токтотулат [5, 3]. Бүгүнкү күндө Кутейбанын ордосу деп аталган «Исама-бен-Абдуллах-аль-Бахили» ордосу жана ордого байланыштуу даректүү окуялар Иордания королевствосунун китепканасында сакталып турат [5, 4]. Ал эми Кутейба ибн Муслиманын көрүстөнү азыркы Баткен чөлкөмүндө экендиги айтылат, бирок ал изилденип, тактала элек.

Баткен районунун Ак-Сай капчыгайында үч түрдүү: мусулман сасона-персид жана грек (руми) тагыраак айтканда 1041-жылдын 29-декабрынадагы караханиддик мезгилиндеги араб жазуусу сакталган.

Ал жазуу Али Саид хандын уулу, Наср Эмирдин небереси «Данктуу тегин» Исфаранын башкаруучусу караханид Муизз-ад-Дауля Арслан тегин Абу-л-Фазл ал Аббастын мезгилине таандык. Жазуу 1950-жылы изилденип, монголдук-караханиддик мезгилдерге таандык экендиги

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



аныкталган. Мындан башка да бул аймактарда, тоолордо ташка жазылган бир канча араб жазуулары кездешет, бирок алар али изилдене элек [6, 49-б.].

Жогорудагы тарыхый булактар жана таштагы тарыхый жазуулар ырастагандай, Фергана өрөөнүндө анын алкагында Баткен жергесинде араб баскынчыларына каршы жүз жылдан ашык мезгил катуу каршылык көрсөтүлгөн. Бирок, арабдар басып алууларынан кийин бул аймактын жашоочуларына ислам шарияты менен кошо маданяты да таасир эткен. Этносуна, тегине жана башка өзгөчөлүгүнө карабастан, бардык пенделер кудайдын алдында бирдей деген шариаттын жол-жоболору жайылтылган. Бирөөнүн акысына кыянаттык кылбоо, бей-бечараларга кайрымдуулук кылуу, соопчулук иштерди аткаруу, жаман иштерден оолак болуу, дене бойду асыроо, руханий дүйнөнү таза сактоо, пакизалык, жер жүзүндөгү бардык жандарды асыроо, ыксыз чагымдарга жол бербөө сыяктуу эрежелер бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жаткандыгы анын далили болуп саналат. Фергана өрөөнүндө жана Баткен жергесинде ислам дини жайыла баштаган жана ошол доордо Борбордук Азиядагы жалпы маданият алгачкы жолу мына ушул өрөөндө калыптанган. Жергиликтүү шартка ылайыкташкан ислам маданияты акырындап, Борбордук Азияга тарай баштаган [6, 44]. Мына ошентип бир нече салгылаштардан кийин арабтардын Кыргызстандын аймактарына болгон саясий экспансиясы миң жылга чейин токтогон. Кийинки жылдары түрк элдерин ислам динине киргизүү жараяны негизинен тынчтык-миссионердик жолго түшкөн [2, 24-31-бб.]. Ага удаалша араб цивилизациясынын руханий баалуулуктары жаңы кыртышка сиңип, андан ары өнүгүүгө багыт алган. Бул болуп өткөн салгылашуулар бүтүндөй Кыргызстандын гана эмес Борбордук Азия элдеринин кийинки тагдырына ислам цивилизациясы, баалуулуктары жуурулушуп, Фергана элдеринин маданиятынын андан ары өнүгүшүнө жол ачып берди.

Халифаттан келген ислам үгүттөөчүлөрү кыргыз айылдарында күнүнө беш маал окулуучу намазды үйрөтүп, айрыкча исламдын мистикалык агымынын (суфизм) өкүлдөрү эшендердин аракеттери Кыргызстандын түштүк райондорунда өзгөчө күчтүү болуп, Чүй өрөөнүнө чейин жайылтылган [7, 212]. Ислам динин жайылтуучулар деп, аталган арабтардан келген кожолор, эшендер Кыргызстандын түштүк аймагында анын ичинде Баткен жергесинин исламдашуусунда таасири чон болгондугу айтылат. Бүгүнкү күндө Баткен чөлкөмүндө эшендер же кожолор дин таркатуучулардын оболкулары деп, оозго алынган кожолордун урпактарынын бири азыркы Баткен районун Карабулак айылынын тургуну Акматов Тагайкан. Ал исламдашууну, эшендердин, кожолордун Баткендин аймагына келүүсүн мындай таризде баяндайт.

Мухаммед пайгамбардын небереси Хасандан тарагандарга «Шариф» ал эми экинчи небереси Хусаинден тарагандарга «Саид» деген наам берилген. Саиддерден б.а. Хусаиндин урпактарынан, эшендер келип чыккан. «Саид» деген сөз араб тилинен которгондо улуу,азиз дегенди туюнтат. Кыргызстандын түштүгүнө, тагыраак айтканда Баткен жергесине ислам динин үгүттөө максатында арабтардан келген саиддердин бири Кожо Шейх Хабибилло Рахматулоохи алейхи уулу Зухридин экөө Баткен чөлкөмүнө келген. Аймакка эшендердин келиши ушул кишилерден башталган. Зухридиндин Одил, Обидин ысымдуу уулу болуп. Одил Бухарада имамдык кылып атагы чыккан мударис болгон, сөөгү Бухарада койулгандыгы айтылат. Ал эми Зухридин уулу Обиддин эл оозунда айтылгандай Амир Темирдин учурунда дин үгүттөөчү болгондугу маалым [8.]

Кожо Обидин Баткен чөлкөмүнө дааватүгүт иштерин жүргүзүү үчүн Амир Темирден уруксат алып келген. Ал азыркы Баткен районуна караштуу Карабак айылында бийик дөбөгө үй салдырат да, ошол жерге отурукташып, дин таркатуу ишин жүргүзө баштайт. Көп өтпөй ал көз жумган. Сөөгүн өзүнүн айткан керээзи боюнча өзү салган үйдүн алдына коюлуш керек болчу. Бирок ага карабастан көз жумган соң сөөгү талашка түшкөн. Кээ-бир маалыматтарга караганда сөөкү тажиктер уурдап алып барып, Исфаранын Кожой Кабут кабырстанына коюшкан. Анын уулу Сабудулло динди жайылтуу максатында Исфара чөлкөмүндө үч аялга үйлөнүп, ошол жерде жашап калат. Ал биринчи аялынан Аллаяр, экинчисинен Саид Имам, Саид Арибкан, Саид Абдулло, үчүнчүсүнөн Казыхан, Саидкан аттуу балалуу болот. Экинчи жана үчүнчү аялынын балдары ушул аталган Самаркандек, Исфара чөлкөмүндө жашайт. Ал эми Сабидиллонун биринчи аялынан Аллаяр, Ават токмоктору менен Самаркандек аймагында Кишемиш жайлоосунда жашайт. Ал жерде Аллаярдын Саид Акмат, Султан кары, Мамат торо, Зайнидинкан деген төрт уулу болгон [8]. Убакыттын өтүшү менен Совет бийлигинин орношу дин үгүттөөчүлөрүнө кугунтуктоо элдин аң-сезиминен диний түшүнүктөрдөн алыстатуу б.а «атеизм» Кудай таанybастык түшүнүгүн киргизе баштаган учурда Шейх Аллаярга да катуу кугуунтук болгон. Ушундай абалда ал Абдурахман аттуу досу экөө кечеси ат менен Козу-Баглан тоосу аркылуу Жаманжарга барышып, андан ары Коконго келишкен. Ал жерден поезд менен Анжиянга барышат, түнү бою жөө жүрүп, Жалал-Абаддагы Жийдеге келет. Досу Абдурахман, Аллаяр шейхти Молдо Ашир аттуу кишинин колуна тапшырган [5, 5-б.].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Бүгүнкү күндө Жалалабад областында анын атындагы Аллаяр атындагы мечит салынгандыгы маалым. Анын уулу Саид Акмат Кишемиш жайлоосунда, ал эми Аллаяр уулу Султан каары, Исфаранын Сурх айылында , Мамат төрө Азыркы Баткен районунун Карабак айылында турмушун өткөргөн. Аллаяр уулу Зайнидинханды кеңеш өкмөтүнүн диний катаал саясатынан улам камалып дайыны жок болуп кеткен. Саид Акматтын сөөгү Кишемиш жайлоосуна койулат. Анын урматына көптөгөн жакын жана алыстагы элдер келип күмбөзүн зыярат кылып турушат. Саид Акматтын бир кызы Саид Акмат кызы Самарахан жана төрт уулу Атахан, Бурканхан, Тагайхан, Жалалхан болгон. Чон уулу Атахан Кишемиш жайлоосунда жашайт, Бурхан хан Самаркандекте, ал эми бизге бул маалыматтарды берген кожолордун уулдарынын бири Акматов Тагайхан азыркы Баткен районуна караштуу Карабулак айылына Самаркандек аймагындагы Кишемиш жайлоосунан көчүп келген. Совет бийлигинин кысымына карабастан ачык түрдө динге үгүттөбөгөнү менен жашыруун дин өкүмдөрүн аткарып, катардагы жөнөкөй адам катары жашайт [8].

Акырындап эл арасындагы келишпестиктерге шариат негизинде жол көрсөтүп, биримдик, ынтымактык, жакшы иштерди жасоого, жамандыктан оолак болууга үндөп, эл ичинде кадырбаркка ээ боло баштайт. Саиддердин урпагы Акматов Тагайхан жөнүндө социология илимдеринин кандидаты Топчугүл Шайдулаева «Кыргыз туусу», «Алиби», «Баткен таны» газетасындагы «Пирим» деген макаласында бул кишинин аталган аймакта жашап калуусу исламдын баалуулуктарын жайылтуу максаты менен келгендиги эл арасындагы жашоо жүргүзүүсү, айылдыктардын ичинде руханий тиреги таянычы жол көрсөткөн жарыгы катары 60 жыл кызмат кылды деп баяндаган [9]. Баткен чөлкөмүндө өнүгүүсүнө кошкон салымын баяндаган. Саид Акматтын төртүнчү уулу Акматов Жалалхан болсо, Баткен районуна караштуу Самаркандек айылында жашайт. Бүгүнкү күндө Самаркандек айылынын Паскы арык мечитинин имамы.

Жогоруда келтирилген маалыматтарга ылайык ислам дининин Кыргызстанда таралыш жана анын бекемделиш жараяны 1300 жыл убакытты өз кучагына алган. Үчүнчү халиф Осмондун мезгилинде Араб халифаты Ферганага «тынчтык чалгын» максаты менен ошол кездеги болочок халиф Азрети Аалынын жээни Мухаммад ибн-Абдуллох Жарирдин жүрүштөрү менен коштолгон. Өлкөбүздүн түштүк батыш аймагында кошуна тажик, өзбек элдери менен жакын жашаган Баткен чөлкөмүнө алгачкы ислам миссионерлери – кожолор, эшендер биринчи болуп келишкендиги маалым болду. Тарыхый жактап ислам динин эрте кабыл алып, отурукташып, Кокон хандыгынын курамында шарияттын негизинде жашаган, Баткен чөлкөмүнүн өз өзгөчөлүгү бүгүнкү күнгө чейин сакталып келди.

**Адабияттар:**


1. Васильевна А.Е. Маркович Д.Г. Орто кылымдардын тарыхы [Текст] / Васильевна А.Е. Маркович Д.Г. - Фрунзе 1990-ж. 71-б.
2. Кененсариев Т. Ислам дининин Кыргызстанда таралыш этаптары / «Ислам, тарых жана азыркы мезгил» / Илимий-практикалык конференция. Жалал-Абад, 2004-ж. 24-31-б.
3. Азимова М.У. Аксы аймагындагы ислам дининин негизинде пайда болгон эстеликтер / А. Атанесян // Известия вузов Кыргызстана № 12, 2017-жыл. 167-169-б.
4. http://www.hrono.ru/biograf/bio_a/aliibnabu_talib.php
5. Абдурахманов Г. Эшендердин, кожолордун баяны [Текст] / Г. Абдурахманов Баткен, 2010-жыл. - 2-б.
6. Абдурахманов Г. Адам атадан өзүмө чейин [Текст] / Г. Абдурахманов. - Баткен 2008-ж. - 144-б.
7. Осмонов Ө.Ж. Асаканов А.А. Кыргызстандын тарыхы [Текст] / Осмонов Ө.Ж. Асаканов А.А. – Бишкек, 2003-ж.-212-б.
8. Талаа булактары: Баткен районунун Кара-Булак айылынын тургуну Акматов Тагайхан менен маек.
9. Шайдуллаева Т. «Пирим» макаласы [Текст] / Шайдуллаева Т. Баткен таны № 6 (633) 10.02.2014.